КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

07-ноябрь 2025-жыл № 7 Совет айылы

**Кеңеш айыл аймагына караштуу 1-Май айылында жайгашкан № 14 1-Май орто мектебинин чатырын алмаштыруу жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 26-сентябрындагы № 01-17/593 сандуу катындагы Кеңеш айыл аймагынын 1-Май айылында жайгашкан № 14 1-Май атындагы орто мектебинин чатырын алмаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Бюджет кодексине" жана Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комитетинин корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XIV-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. 1-Май айылында жайгашкан № 14 1-Май атындагы орто мектебинин чатырын алмаштырууга дем берүү грантка долбоор даярдоодо өздүк салым эсебинен, долбоордун жалпы суммасынан 389079 (үч жүз сексен тогуз миң жетимиш тогуз) сом акча каражатын 2026-жылдын бюджетинен кароо жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

Төрага С.К.Сатаров